Токтом № 1

17.12.2021

Катышкандар: мектеп мугалимдери

Ата-энелер

2021–2022 окуу жылындагы М. Куренкеев атындагы орто мектебиндеги өткөрүлгөн жалпы ата-энелер чогулушу .

Ата-энелер чогулушунда каралуучу маселелер:

Бүгүнкү биздин чогулушта 4 маселе бар .

1. Интернеттик терс көрүнүштөргө алдын ала пикир алышуу.
2. I,II чейректин жыйынтыктары, окуу бөлүмүнүн башчысы Белакова Н. Тарбия бөлүмүнүн башчысы Молдоболотова Анара
3. Ата-энелер комитетин кайра шайлоо .

2 . Мектептин директору Бакирова Мастура Курсаналиевна .

Бүгүнкү ата-энелер чогулушуна келгендердин жалпы саны-430 Мектеп боюнча 550 гө жакын ата-энелер бар . Келбеген ата-энелердин саны-70 Биздин мектепте окуучулардын жалпы саны 744 окуучу окуйт, анын ичинде отличниктердин саны 89 .

Анда эмесе президиумга 5 кишини шайлап алсак, сиздердин көрсөтмөңүздөр менен.

1. Маткалыков Зайлабидин
2. Кызыл- Кыя шаардык ички иштер бөлүмүнүн орун басары милициянын полковниги Б . У. Ахмедов .
3. Караван айыл өкмөтүнүн башчысы Кыпчаков Н
4. Мырзаева Күмүшай ( жаш ата – эне ).

Сүйлөдү :

Ушул ата-энелерди чакырып алсак, орун алсаңыздар .

Ушул маселелер каралсын деген ата – энелер кол көтөрүп койсонуздар.

Баары макул,каршы жок

1. Бакирова Мастура Курсаналиевна .

Урматтуу ата – энелер ! Сиздер да телеберүүдөн көрүп жатсаныздар керек . Бүгүнкү күндүн глобалдуу проблемасы болгон терс көрүнүштөр жөнүндө өз ара ой бөлүшсөк. Сиздерди интернеттен алынган тасмага көңүлүңүздөрдү бурабыз . (Слайддан көрсөтүлөт ).

Видео тасмадан кийинки ата-энелердин ойлору:

Сиздер өз балдарыңыздардын эмне менен алектенип жаткандарын билесиздерби?

Бакирова Мастура Курсаналиевна ушул терс көрүнүштөр жөнүндө түшүндүрүп, ата-энелерге этият болууларын айтты .

2 . Караван айыл өкмөтүнүн башчысы Кыпчаков Нурмухаммед сөз сүйлөдү.

Саламатсыздарбы? Урматтуу ата – энелер!

Жаштар биздин келечегибиз . Жаштарды кайда жумшаса ошол жакка барат экен . Бардык жакшы нерселерди балдарга арнайбыз . Ушул терс көрүнүштөр боюнча Россиядан эки жаран кармалды . Бул жаман оюндар тууралуу эң биринчи телефонго билдирүү келет экен . Мындай оюндар балдарды өлүмгө чейин алып барып жатат . Ошондуктан балдарга жакшы айтып түшүндүрүңүздөр.

3 . Анда сөз Кызыл- Кыя шаардык ички иштер бөлүмүнүн орун басары милициянын полковниги Б . У. Ахмедовдо.

Саламатсыздарбы? Убактыңыздарды бөлүп келип катышып жатканыңыздарга, чоң рахмат . Өзүңүздөргө белгилүү болгондой телеберүүдөн ар кандай терс көрүнүштөрдү берип жатат .

Жаштар ал оюнга жана башка нерселерге кирүүгө кызыгышат . Ошол себептен балдырыңыздарды эмне кылып жатканын текшерип коюңуздар

1. Милдетиңиздер эң биринчи мамилени жакшы түзүү .
2. Бирөөлөр менен пикир келишпестиктерди болтурбоо .
3. Телефон (ар кандай оюндарга кирүүлөрү)өзү бул суицид, өзүн-өзү өлтүрүү деген түшүнүк. Эң көп Сирияга кеткен да ушул телефон аркылуу болгон .

Бизге жаңы буйрук келди .

1. Мектепке телефон алып келүү боюнча тыюу салынды, 3000- сомго чейин айып салынат
2. Коомдук жерде мас абалында жүргөн аталар үчүн, 10000 сомго чейин айып салынат , 65-беренеден окуй аласыздар .

Жогоруда айтылган маселелер боюнча жакшылап көзөмөл кылыңыздар, суроолор болсо бериңиздер, көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат .

Чечим:

Бүгүндөн баштап бир да окуучу мектепке телефон алып келбөөсүнө ата-энелер милдеттендирилсин.

Анда эмесе 3-маселе боюнча сөздү окуу бөлүмүнүн башчысы Белакова Назирага берсек. Саламатсыздарбы? Урматтуу ата-энелер! Бир жарым жылдыктагы жыйынтыгыбыз . Биздин мектепте 744 окуучу билим алат . 36 мугалим эмгектенет . Алардын ичинен отличник окуган окуучулар .

11- класста 7 окуучу, 10 – класста 12 окуучу, 9 – класс 1 окуучу, 8- класста 8 окуучу, 7 – класста 6 окуучу, 6 – класста 12 окуучу, 5 – класста 6 окуучу, 4 – класста 14 окуучу, 3- класста 20 окуучу, 2 – класста 19 окуучу, 1- класста 11 окуучу отличник .

Жалпы чейрек боюнча билимдин сапаты : 37,5 %, “5 ” ке окуганы 84 ”4” кө окуганы : 99 жалпы : 40,7 %.

Быйылкы жылы шаардык олимпиадага 27 окуучу катышып, 4 окуучу физика сабагынан барып орундарды камсыз кылышты. Эжекеси Мусаева Динара жарым упай жетпей калган окуучулар.

11- б кл. Имарали кызы Мадина

10 – б кл Орозбек к Катича .

Урматтуу ата-энелер сиздерден да сураныч жардам берсеңиздер .

Бакирова Мастура : Билим сапатын көтөрүү ата-энелер сиздердин колуңуздарда.

Анда эмесе олимпиададан сыйлыкка ээ болгон окуучуларыбызды, эжелерибизди сыйлап алсак.

Сыйлыктар .

1 . Имарали кызы Мадина 11 – кл эжекеси : Мусаева Динара физика сабагы .

2 . Маматова Канайым 10 – б кл II –орун эжекеси: Шайдуллаева Алайгул орус тили сабагы .

3 . Мурадилла к Бибимариям 11 – а кл. III – орун эжекеси: Маматалиева Максуда орус тили сабагы .

4 . Эгембердиева Гулмира 10 – б II –орун эжекеси : Имарова Мирзада кыргыз тили мугалими .

Анда эмесе сөздү тарбия бөлүмүнүн башчысы Молдоболотова Анара эжекеге берсек . Саламатсыздарбы? Урматтуу ата-энелер! 2021–2022 окуу жылында өтүлгөн иш чараларды тааныштырып кетейин.

1. 1-сентябрь – Билим күнү ! Салтанаттуу линейка өткөрдүк . Бардык класстарда “Улуттун мамлекеттүүлүктүн калыптанышы жана өнүгүшү” деген темада класс жетекчилер ачык сааттар өтүштү . Кыргыз тили сабагынын мугалими Имарова Мирзада “Адеп билим башаты ” 10 б – классынын мугалими Исмаилова Назгул “Кургак учуктун алдын алуу ” 9 б – классынын мугалими Абдувапова Гулчехра “Окуучулардын милдеттери жана укуктары ” деген темада ачык сабактарды өтүп беришти

2. Ата – энелер менен бирдикте “Бирин – бириңе жакын бол , баңги заттан алыс бол,” деген темада семинар өтүлдү.

3.1-октябрь – карыялар күнү болгондуктан , карыялар үйүнө барып 9–10 – 11 класстар жардам берип келишти . Дубал газета конкурстары уюшулду , ардак тактага карыялар сүрөттөрү тиркелди . “Туулган жердин топурагы алтын” деген темада Маматалиева Максуда эжекебиз 11 – а классына ачык саат өтүп берди . Түшүм майрамын өткөрдүк . Ошондой эле шаардык конкурска катышып, гүлдөрдөн ар кандай көрүнүштөрдү жасап IV орунду алып келдик. 10 – а классынын класс жетекчиси Исмаилова Назгул эжекебиз “Ар бир кесип ардактуу ”- деген темада кесип ээлери менен жолугушуу өткөрдү жана ачык сабак өтүп берди .

Мектептин парламенттинин катышуусунда “Мугалим мөмөлүү ” дарак деген темада, эс алууда жүргөн мугалимдер чакыртылып семинар өтүлдү.

Төмөнкү демөөрчү болгон ата-энелерге ыраазычылык билдиребиз.

1. Курбанбаев Суйунбек 4000 сом
2. Мурзаев Аслан 1000 сом
3. Тажибаев Сатыбалды 1000 сом
4. Топчуев Н - 1000 сом
5. Эргешов Мамат 2000 сом .

Иште ийгиликтер менен кошо кемчиликтер да болот . Кемчилигибиз окуучулар кечигип келет, формалары жок келишет . Биз канткенде окуучуларды кечиктербейбиз?

Ата-эне Курбанбаев Суйун телефон боюнча менде сунуш бар . Эгерде ким телефон алып келсе айып пул салынышы керек .

Молдоболотова Анара сиздер телефон бербей эле коюңуздар айып пулду биз албай эле коёлу . Чечим: Жалпы ата – энелерге окуучуларды кечиктирбестен келтирүү, контролдоо жагы милдеттендирилсин .

3–маселе Мында ата – энелер комитетин кайра шайлоо . Бизге жакындан жардам берүү үчүн араңыздардан иштей турган ата–энелерди көрсөтүп бериңиздер.

1. Курбанбаев Суйунбек
2. Маткалыков Зайлабидин
3. Имаров Жусуп
4. Кашипова Гулчехра
5. Орозбаева Барчын

Ушул ата-энелер, ата – энелер комитетине шайлансын деген ата – энелер кол көтөрүп койсоңуздар, калыс, каршы жок .

Чечим: Жогорудагы аты аталган ата-энелер мектептин ата-энелер комитети болуп шайлансын.